Кырг
83.8
Д36

Талгат Деркембаев



# Футболго кызыктыруу

Кыргз
83.8
Д36

Талгат Деркембаев

# Футболго кызыктыруу



Сүрөтчү

Сезим Жаныбекова

им. К. Баялинова
АЛАЛЫК

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
Д 36

Д 36 **Деркембаев Талгат**
**Футболго кызыктыруу** / сүрөтчү Сезим Жаныбекова. – Б.: «Имак Офсет», 2023. – 12 б.

**ISBN 978-9967-33-300-0**

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

**ISBN 978-9967-33-300-0**

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 362339



Бардык балдар футбол ойногусу келет. Балдар эле эмес, кыздар да топ тебишет. Ошондуктан футбол спорттун дүйнө жүзүндөгү эң белгилүү түрүнө айланган да.

Арген менен Асел – футболдун күйөрмандары. Бирок Азамат футбол ойнобойт. Ал сүрөт тартканды жакшы көрөт.



Арген менен Асел бир короодогу балдар-кыздарды экиге бөлүп, күнүгө кечинде футбол аянтчасында топ ойношот. Дайыма бир бала жетишпей, аздык кылган команда дайыма утулуп калат. Ушундан улам чыр чыга баштады.

Футболдо эки командада тең он бирден оюнчу болуш керек да. Булардын короосунда жалпы 22 кыз-бала болгону менен, бир бала оюнга такыр кызыкпайт.

– Кантип Азаматты футболго тартабыз? – деп Арген балдарга кайрылды.



– Азамат футбол ойносо, абдан мыкты чабуулчу болмок. Анын бою бийик, буттары да узун. Ал күчтүү бала да. Эмнеге футболго такыр кызыкпайт? – деп Асел да таң калды.

– Азаматты оюнга тарталы. Анын үйүнө барып айтып көрөлү, – дешти балдар.

Алар жетинчи кабатка чыгып, Азаматтын эшигин тыкылдатышты.

Эшикти Азамат өзү ачты. Колунда кыл калеми бар экен. Ал балдарды үйгө кирүүсүн өтүндү.

Анын бөлмөсүнүн терезесинен короодогу футбол аянтчасы даана көрүнүп турат экен. Бөлмөдө Азаматтын тарткан сүрөттөрү илинип туруптур.

– Ой, балдар, карасаңар, бул жерде футбол ойноп жаткан биздин сүрөтүбүз да бар турбайбы! – деп Актан кыйкырып жиберди.

– Чын эле, бул биздин корообуз.

– Мына бул мен!

– Мен... мен!.. – дешип балдар-кыздар чурулдашып кетишти.





– Азамат, биз сага бардыгын үйрөтөбүз. Коркпо! – деп балдар чурулдап жиберишти.

– Бизге бир оюнчу жетпей жатат. Командада дарбазачыны кошкондо жалпы он бир оюнчу ойнойт. Азамат, сен бизге кошулсаң, биз өзүнчө эле олимпиадалык курам боло алабыз, – деди Арген.

– Футбол матчы 45 мүнөттөн эки жолу ойнолот. Ортодо 15 мүнөттүк тыныгуу болот. Бул маалда командалар дарбаза алмашат. Оюнчулар бир аз тыныгып да алышат. Футболдо топту кол менен кармаганга болбойт. Дененин калган бөлүктөрү менен ойной берүүгө болот. Топту кол менен дарбазачы гана кармай алат, – деди Асел.



Эгерде дарбазаларга кирген топтордун саны бирдей болуп калса, “тең чыгуу” болот. Эгерде оюнчу өз дарбазасынын жанынан тартип бузса, каршылаштар 11 метр аралыктан “пенальти” тебишет, – деп Арген аябай түшүндүрдү.

– Балдар, чын эле футбол кызыктуу оюн турбайбы. Бүгүндөн баштап мен силер менен футбол ойнойм, – деди Азамат.

Биринчи күнү эле Азаматтын футболго болгон шыгы байкалды. Ага достору топту туура тээп, токтотконду үйрөтүштү.

Кийинки оюнда ал каршылаш команданын оюнчуларын алдап өттү. Топту борбордук чабуулчуга чыгарып берди. Ал кайра топту оң тараптан келаткан Азаматка өткөрүп берди. Азамат алыскы бурчтан дарбазаны көздөй тепти. Күтүүсүз келген топту дарбазачы тосконго жетишпей калды.

– Го-о-о-л! Ураа!!! – деп балдар сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберишти. Бул Азаматтын киргизген алгачкы голу эле.

Достору анын ийгилигине кубанышты. Эми Азамат дайыма футбол ойнойт.

РБДЮ
36233 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Талгат Деркембаев**

*Сүрөтчү*
**Сезим Жаныбекова**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg